**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз IVсессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

# № 1 ТОКТОМ

11-март 2025-жыл Отуз-Адыр айылы.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү окшош аталыштагы айылдарды бириктирүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргызстандагы географиялык аталыштар жөнүндө" Мыйзамынын 7-статьясына жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесине ылайык Тынчтык (Отуз-Адыр) айылын , айылдын тургундарынын протоколун карап чыгып, талкуулап Фархад айылына кошууга Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндө административдик –аймактык реформа жүргүзүлгөндөн кийин айыл аймакта эки Тынчтык айылы болуп калган. Мурдагы Тынчтык (Отуз-Адыр) айылын, айылдын тургундарынын протоколунун негизинде кайрадан Фархад айылына бириктирүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл өкмөтүнө жүктөлсүн

3 Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, коомдук тартип. мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.(А.Беделов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**

**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

---

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз IV сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 2 ТОКТОМ**

11-март 2025-жыл Отуз-Адыр айылы.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлердин протоколдорун бекитүүгө маулдук берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз IV сессиясы, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 5-главасынын 19- беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын кайрылуусунун негизинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын өкүлдөрүнүн, жарандардын жашаган жана иштеген жеринин шайлоочуларынын чогулушунун Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешине келип түшкөн протоколдорун карап чыгып жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамына ылайык, айылдык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1.Отуз-Адыр айыл аймагынындагы участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерди көрсөткөн жарандардын жашаган жана иштеген жеринин шайлоочуларынын протоколдорун бекитүүгө макулдук берилсин..

2.Отуз-Адыр айыл аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервдерине көрсөтүлгөн төмөндөгү ;

- №5184 Борбордук участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-20 ;

-№5185 Кара-Добо участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-19;

-№5186 Кызыл-Абад участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-19;

-№5189 Кыш-Абад участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-20;

-№5190 Жаны Кызыл-Суу участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-15;

-№5446 Зымырык участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-20;

-№5447 Чымчык-Жар участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-18;

-№5187 Сары-Колот участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-19;

-№5188 Тынчтык участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-16;

-№5191 Шерали участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-16;

-№5545 Жаны-Чек участкалык шайлоо комиссиясынын курамына-15;

Кара-Суу аймактык шайлоо  комиссиясына сунушталсын.

Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык

кеңешинин төрагасы Д.Атанов